ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№1 протоколу**

*28-август, 2023-жыл.*

*Төрага:* А.М. Токторбаев
*Катчы:* *Ж.Э. Токтомуратова*
*Катышкандар*: ИСП кафедрасынын мүчөлөрү – 28 мүчөсүнөн 13 мүчөсү бар.

*Күн тартиби:*

1. Кафедранын жана кафедранын кеңешмелеринин 2023-2024 окуу жылы үчүн иш-пландарын бекитүү. Кафедранын сааттарын бөлүштүрүү (ИСП кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.к. доцент Токторбаев Айбек Мамадалиевич);
2. Бакалавр багыттары, магистратура программалары боюнча силлабустарды, жумушчу программаларды бекитүү;
3. 1-курска кабыл алынган студенттер үчүн куратордук сааттарды уюштуруу жана адаптациялык иш-чараларды жана 1-курстарды тандоону уюштуруу;
4. Ар түрдүү маселелер.

**1-маселе**

**Угулду**: *А. Токторбаев (ИСП кафедрасынын доценти, кафедра башчысы):* 2023-2024-окуу жылына карата кафедранын сааттары бөлүштүрүлдү жана кафедранын иш планы даярдалып, кафедралардын чечимдери бекитилди. Алардын негизинде кафедранын иш планы түзүлдү. Бул иш план алдын ала кафедранын мүчөлөрүнө таркатылып, кошумча сунуш пикирлердин негизинде жасалды.

Пландаштырылган иш чаралардын аткарылуу мөөнөттөрү, аткарууга жооптуулар планда так көрсөтүлгөн. Кафедранын жана кафедранын кеңешмелеринин пландарынын аткарылуу сапаты кафедранын ар бир мүчөсүнүн жана жооптуулардын иш аракеттерине байланыштуу болот. Ошондуктан ар бирибиз пландаштырылган иш чараларды жоопкерчилик менен аткаруубуз зарыл.

Кеңешме коюлган маселени талкуулап, **ТОКТОМ КЫЛАТ:**
2023-2024-окуу жылы үчүн кафедранын кеңешмелеринин пландары бекитилсин.

**2-маселе**

**Угулду:** *А. Токторбаев (ИСП кафедрасынын доценти, кафедра башчысы):* 2023-2024- окуу жылы үчүн бөлүштүрүлгөн окуу жүктөмдөрүнө жараша окутуучулар тарабынан бакалавр жана магистратура программаларынын ар бир багыттары боюнча студенттерди окутуунун программасы (силлабус), жумушчу программалары жасалды.

Кеңешме коюлган маселени талкуулап, **ТОКТОМ КЫЛАТ:**
2023-2024-окуу жылы үчүн бакалавр багыттары, магистратура программалары боюнча силлабустар, жумушчу программалар бекитилсин.

**3-маселе**

**Угулду:** *А. Токторбаев (ИСП кафедрасынын доценти, кафедра башчысы):* 1-курска кабыл алынган студенттер үчүн төмөнкү окутуучулар куратор болуп дайындалды:

1. Пакал уулу Долонбек – ИСТ(б)-1-23
2. Карабаев Самат Эшполотович – ИСТ(б)-2-23р
3. Маткалык кызы Кымбат – ПОВ(б)-1-23
4. Айтбай кызы Айгул – ИСТд-1-23

Куратордук сааттарды, адаптациялык иш-чараларды жана предметтик тандоону уюштуруу боюнча жалпы кураторлор тарабынан иш алып баруусу дайындалды.

1-курстар арасында предметтик тандоодо кураторлор тарабынан жана ошондой эле тандалуучу окутуучулар тарабынан студенттерге эч кандай басым көрсөтүлбөөсүн деканат жана ОИД тарабынан эскертилип, мындай учурлар катталса тиешелүү чаралар көрүлөөрү билдирилди. Адаптациялык иш чараларды өткөрүүдө студенттерди корпус менен тааныштырып, ата-энелерин чакыруу менен аларга жыйын өткөрүп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү зарыл.

Кеңешме коюлган маселени талкуулап, **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

2023-2024-окуу жылы үчүн 1-курска кабыл алынган студенттер үчүн предметтик тандоолор кураторлор тарабынан көзөмөлгө алынсын.

**4. Ар түрдүү маселелер**

**Угулду:** *А. Токторбаев (ИСП кафедрасынын доценти, кафедра башчысы):* Мерчемделген пландарды жана алардын аткарылышы боюнча маалыматтарды сайтка мезгил-мезгили менен жаңылып туруу максатында, сайтка жооптуу катары Токтомуратова Жанараны дайындайлы

Кеңешме коюлган маселени талкуулап, **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

2023-2024-окуу жылынан баштап ИСП кафедрасынын сайтына жооптуу контент-менеджери Токтомуратова Жанара Эркинбаевна дайындалсын.

Төрагасы А.М. Токторбаев

Катчы Ж.Э. Токтомуратова